

# АДАМ жана КООМ

## 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ 5- жана 7-кл. ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

КОЗУБАЕВА БУРУЛ

burulkozubaeva@gmail.com

15-20-июнь, 2025-ж.

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт / Не использовать в коммерческих целях.*

# Негизги түшүнүктөр:

1. Адам жана коом предметинин базистик пландагы орду
2. Адам жана коом предметинин стандарты
3. Адам жана коом предметинин окуу программасы
4. 5-7-класстар үчүн окуу программа
5. Маалымат булактары

# 2025-2026-окуу жылында Адам жана коом предметинин базистик пландагы орду

| Билим берүү чөйрөсү | Предметтин аталышы | Класс | Саат | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| СОЦИАЛДЫК | Мен жана дүйнө | 5-кл. | 2 | 12 жылдык билим берүүдө «Мен жана дүйнө» предметинин алкагында окутулат |
| | Адам жана коом | 6-кл. | 1 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагында окутулган класс |
| | | 7-кл. | 2 | 12 жылдык билим берүүгө өткөн класс |
| | | 8-кл. | 1 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагында окутулган класстар |
| | | 9-кл. | 1 | |
| | | 10-кл. | 1 | |
| | | 11-кл. | 1 | |

# Адам жана коом предметинин стандарты


Жүрүм-турумду жөнгө салуучу милдети

Таанып-билүүчүлүк милдет

Баалуулукту калыптандыруучу милдети

**Предметтин максаты:**

- билим берүүчүлүк;
- Кыргыз жаранын калыптандыруу;
- укуктук сабаттуулукту
- медисабаттуулукту
- финансылык сабаттуулукту калыптандыруу.


Предметтин методологиясы
Экологиялык мамиле
Мультидисциплинардык мамиле
Концентрдик мамиле
Компетенттүүлүк мамиле
Социомаданий мамиле
Интерактивдүү мамиле
Дифференциялаган мамиле
Колдоочу жана коопсуз мамиле
Адеп-ахлактык мамиле

# ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

**ӨЗҮН-ӨЗҮ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨНҮ ТААНЫП-БИЛҮҮ**

- окуучунун ар түрдүү социалдык топторго өзүнүн уникалдуулугун жана өзгөчөлүгүн жоготпостон адаптацияланув, коомдо кабыл алынган жүрүм-турумга болгон мотивацияны көрсөтүү аркылуу көп түрдүүлүктү урматтоо жана башка адамдар, жамааттар жана мамлекет менен ошол эле мезгилде медиа мейкиндикте конструктивдүү өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырат.

**ЖАРАНДЫК-УКУКТУК**

– окуучунун окуяларды талдай билүү, чечимдерди кабыл алуу жана өлкөнүн жараны катары коомдук процесстерге катышуу, укуктук нормаларга негизделген чечимдер жана аракеттер үчүн жоопкерчилик алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.

**ФИНАНСЫЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК**

– бул жеке кирешелерди жана чыгымдарды башкаруу, финансылык коопсуздукту камсыздоо, ишкердик ишмердүүлүктүн социалдык-экономикалык ролун түшүнүү аркылуу жашыл көндүмдөрдү жана финансылык сабаттуулукту калыптандырат.

# МАЗМУНДУК БАГЫТТАР

**1**

**СОЦИАЛДАШУУ**

– коомдо кабыл алынган нормаларды, эрежелерди, баалуулуктарды жана маданиятты өздөштүрүү аркылуу адамдын коомго интеграциялануу жана инсан катары калыптануу процессин камтыйт.

**2**

**УЛУТТУК НАРК ЖАНА БААЛУУЛУКТАР**

– коомдук тажрыйбанын негизинде улуттук маданиятка шайкеш келген социалдык аң-сезимди калыптандырууга багытталган адамдын жүрүм-турумун, өз ара мамилесин жана дүйнө таанымын жөнгө салуучу туруктуу руханий жана моралдык баалуулуктардын системасы.

**3**

**АДАМДЫН УКУГУ, ЭРКИНДИГИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ**

– адамдын табигый ажырагыс укуктарын, эркиндиктерин таануу жана коргоо, аларды турмушта колдоно билүү, Кыргыз жараны катары коом алдындагы милдеттерди жана жоопкерчиликтерди түшүнүү, укуктук маданиятты жана жарандык аң-сезимди калыптандырууга багытталган мазмундук багыт.

**4**

**ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖАНА КООПСУЗДУК**

– адамзаттын жашоосу үчүн коопсуз жана туруктуу шарттарды түзүү максатында жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга, экологиялык тең салмактуулукту сактоого, экономикалык өсүштү, социалдык адилеттүүлүктү жана коомдук туруктуулукту камсыз кылууга багытталган комплекстүү мазмундук багыт.

# ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ/ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ



## 1 Инсанга багыттап окутуу технологиясы

- окуучунун жеке жөндөмдүүлүктөрүн, интеллектуалдык деңгээлин, окууга болгон мамилеси жана кызыгуусу эске алынат;
- баарлашуу аркылуу окуучуларды суроо берүүгө, сынчыл ой-жүгүртүүгө жана өзүнүн жоопторун сунуштап, өз алдынча чечим чыгарууга багыттайт;
- окуучуга коопсуз чөйрөдө ишенимдүү, жайдары, өз оюн эркин айтып, жаңылуудан коркпой турган шарт түзүлөт.

## 2 Проблемалык окутуу технологиясы


- проблеманы коюу – окуучу даяр маалымат менен эмес, маселе же көйгөй менен иштейт;
- изилдөө жүргүзүү – окуучу маалымат издөө, эксперимент өткөрүү, сурамжылоо уюштуруу, салыштыруу аркылуу көйгөйдү аныктайт;
- өз чечимин сунуштоо – окуучу изилдөөнүн негизинде өзүнүн жыйынтыктарын негиздеп берет;
- рефлекция – окуучулар өздөрүнүн жыйыныктарын, чечимдерин бири-бириники менен салыштырып, талдап, жалпы жыйынтыкка келишет.

## 3 Инновациялык окутуу технологиясы

- заманбап технологияларды интеграциялап колдонуу;
- окуучуларды сабакка болгон кызыгуусун арттырган көрсөтмөлүүлүк;
- окуучулардын сабакка активдүү катышууга багыттаган мотивациянын болушу.

# ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР


**01**



**Окуу-методикалык комплекстери:**

- Адам жана коом боюнча предметтик стандарт;
- Адам жана коом боюнча окуу программасы;
- окуу китептери;
- мугалим үчүн методикалык колдонмо;
- окуучулар үчүн жумушчу дептерлер;
- санариптик билим берүү ресурстары (электрондук китеп, презентация, билим берүүчү сайттар);
- көрсөтмө куралдар (кагаз түрүндө же электрондук түрдө)

**02**



**Окуткан кабинет:**

- Мамлекеттик санитардык-эпидемиалогиялык көзөмөл жана оорулардын алдын алуу департаменти (https://dgsen.kg/ ) тарабынан коюлган талаптарга жооп бериши;
- 5.1-пунктта көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган Адам жана коом предмети боюнча окуу-нормативдик документтер, окуу методикалык комплекстердин болушу;
- мүмкүнчүлүккө жараша маалыматтык-байланыш технологиялар менен (глобалдык интернет тармагы, техникалык каражаттар (компьютер, проектер, ж.б.)) камсыз болушу зарыл.

# ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ

**05**

5. Психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүү ыкмаларын колдонуу
- Биз ар түрдүүбүз, бирок, тең укуктуубуз!
- Жеке баалуулуктар – кол тийгис!
- Адашуу – бул айып эмес!
- Биздин күчүбүз биримдикте!

**04**

4. Предметтер аралык байланыш:
Тарых, География, Табигый илимдер, Кыргыз тили, Адабият, Математика

**03**

3. Окутуунун методдору:
- салттуу;
- активдүү;
- интерактивдүү методдор колдонулат.

**02**


2. Мазмунун концентрдик принципте түзүлгөн:
- баштапкы деңгээл;
- орточо деңгээл;
- жогорку деңгээл.

**01**

1. Окуу процессин уюштуруунун өзгөчөлүгү:
- мугалимге талаптар: “Тарых мугалими” же “Адам жана коом предметинин мугалими” деген педагогикалык квалификациянын болушу зарыл;
- мультидисциплинардык байланыш;
- предметтин жана окутуунун принциптерине таянуу;
- жеке жана коомдук проблемаларга көңүл буруу.



# Адам жана коом предметинин окуу программасы



| | | |
|---|---|---|
| 1 | **1. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ** | |
| 2 | 2. ПРЕДМЕТТИ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ<br>2.1. Предметтин концепциясы<br>2.2. Предметтин методологиясы<br>2.3. Окутуунун формасы жана методдору | |
| 3 | 3. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ жана КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР<br>3.1. 6-класс<br>3.2. 7-класс<br>3.3. 8-класс<br>3.4. 9-класс | |
| 4 | 4. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО<br>4.1. Баалоо<br>4.2. Баалоонун критерийлери | |

# ПРЕДМЕТТИ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

## Предметтин концепциясы

МАКСАТЫ

- ТААНЫП-БИЛҮҮЧҮЛҮК
- ЖҮРҮМ-ТУРУМДУК
- БААЛУУЛУК


## Предметтин мазмундук багыттары

- СОЦИАЛДАШУУ
- УЛУТТУК НАРК ЖАНА БААЛУУЛУКТАР
- АДАМДЫН УКУГУ, ЭРКИНДИК ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ
- ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖАНА КООПСУЗДУК

## Предметтик компетенттүүлүктөр

- ӨЗҮН-ӨЗҮ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨНҮ ТААНЫП-БИЛҮҮ
- ЖАРАНДЫК-УКУКТУК
- ФИНАНСЫЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК

# Предметтин методологиясы



## Окутуунун формасы жана методдору

1 саат – Киришүү;
54 саат – теориялык темалар;
8 саат – практикалык ишмердүүлүк сабактары (ар бир бөлүмдө 2 сааттан);
4 саат – кайталоо (ар бир чейректи жыйынтыктоодо 1 сааттан);
1 саат – жылдык кайталоо.



# МАЗМУНДУК БАГЫТТАРДАН КЕЛИП ЧЫККАН ТЕМАТИКАЛЫК БӨЛҮМДӨР




**1**

- Окуучунун өзүн-өзү таануу, өзүнүн иш-аракетин уюштуруу, коомдогу жүрүм-туруму, кабыл алган чечимдери үчүн жоопкерчиликтүү болууга үйрөтүү;
- Курчаган чөйрөсү: үй-бүлө, мектеп, жергиликтүү коомчулук аркылуу коомдун чөйрөлөрүн таанып-билип, социалдашуу, ишмердүүлүк жүргүзүүгө багыттоо;
- Киришүү – 1 с., теориялык тема – 12 с., практикалык ишмердүүлүк сабагы – 2 с., кайталоо – 1 с.

**1**

- Үй-бүлөдөн келип чыккан улуттук нарк, баалуулуктар, каада-салттар жана үрп-адаттардын негизинде нарктуу инсан катары калыптандыруу;
- Материалдык жана руханий мурастар, улуттук дөөлөтөрдү окуп-үйрөнүү, таанып-билүү аркылуу аларды сактоо, коргоо, кийинки муунга өткөрүп берүү жоопкерчилигин калыптандыруу;
- Теориялык тема – 13 с.; практикалык ишмердүүлүк сабагы – 2 с., кайталоо – 1 с.

**3**

- Мен жана мамлекет – жаран менен мамлекеттик институттардын, укуктук механизмдердин, мыйзамдардын жана башкаруунун байланышын окуп-үйрөнүү менен мамлекет жарандын жашоосуна кандай таасир этерин жана жаран өз укуктарын коргоого жана башкарууга кандайча катыша аларын үйрөтүү;
- Укук жана жоопкерчилик – адам укуктарына, моралдык жана юридикалык милдеттерге, баалуулуктарга, эркиндиктерге жана адамдын ар кандай чөйрөлөрдөгү жеке жоопкерчилигине басым жасап, укуктук аң-сезимди, эркиндик жана адилеттүүлүк баалуулуктарын өнүктүрүү, укуктарды практикада колдонууга жана жеке жоопкерчиликтин чегин түшүнүүгө үйрөтүү;
- Теориялык тема – 16 с.; практикалык ишмердүүлүк сабагы – 2 с., кайталоо – 1 с.

**2**

- Коопсуз өнүгүү – жеке чектер, жеке жана коомдук коопсуздуктун эрежелерин билүү жана колдонуу аркылуу өзүн коргоого жана өзүнүн иш-аракети үчүн жоопкерчиликтүү жүрүм-турумду калыптандыруу;
- Каржы жана аны башкарууга катышуу аркылуу финансылык сабаттуулугн калыптандыруу;
- Теориялык тема – 13 с.; практикалык ишмердүүлүк сабагы – 2 с., кайталоо – 1 с., жылдык кайталоо – 1 с.

## ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

**Баалоонун түрлөрү:**
- диагностикалык
- формативдик
- суммативдик

**Баалоонун критерийлери:**
- Оозеки жооп берүүнүн критерийлери
- Жазуу иштеринин критерийлери
- Практикалык ишти баалоонун критерийлери

# Адам жана коом предметин боюнча 5-7-класстар үчүн интеграцияланган

# ПРОГРАММА



| | | |
|---|---|---|
| 1 | **1. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ** | |
| 2 | 2. ПРЕДМЕТТИ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ<br>2.1. Предметтин концепциясы<br>2.2. Предметтин методологиясы<br>2.3. Окутуунун формасы жана методдору | |
| 3 | 3. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ жана КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР<br>3.1. 5-класс<br>3.2. 7-класс | |
| 4 | 4. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО<br>4.1. Баалоо<br>4.2. Баалоонун критерийлери | |

## 5- жана 7-кл. үчүн интеграцияланган программа

Таянган окуу-нормативдик документтер:
- Кыргыз Республикасында мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты;
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 2025-2026-окуу жылы үчүн Базистик окуу планы;
- “Адам жана коом” предмети боюнча предметтик стандарт: 5-кл. (2022-ж., 2025-ж.)
- “Адам жана коом” предмети боюнча окуу программасы: 5-кл. (2022-ж., 2025-ж.)

5-класстар жумасына 2 саат, жылына 68 саат өтөт. Анткени, 5-класста окуучу 5-кл. менен 6-кл. программасын өздөштүрүүсү зарыл. Кийинки окуу жылында 12 жылдык билим берүүнүн алкагында 7-классты жаңы стандарттын жана окуу программанын негизинде окуйт.
5-6-класстарды тарых жана Адам жана коом предметинин мугалими окутат.
Окуу китеби:
- 1-жарым жылдыкта Адам жана коом. 5-кл үчүн окуу китеби. Осмонов Ө.Ж. ж.б. Б. – 2018-ж.;
- 2-жарым жылдыкта Адам жана коом. 6-кл. үчүн окуу китеби. Осмонов Ө.Ж. ж.б. Б. – 2018-ж.;
- кошумча окуу куралдар.

7-класстар быйылкы окуу жылында 12 жылдыктын алкагында жаңы стандарттын жана окуу программанын негизинде окуйт, жумасына 2 саат, жылына 68 саат.
Окуу китеби:
- Адам жана коом 7-кл. үчүн окуу китеби. Азимова М.Л. ж.б. Б. – 2024-ж.
- кошумча окуу куралдар.

# МААЛЫМАТ БУЛАКТАРЫ:

https://kao.kg/

https://kozubaeva.kg/

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*